**И. К. АХУНБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНА АКАДЕМИЯСЫ**

**Б. Н. ЕЛЬЦИН атындагы КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 14.23.690 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда

**УДК:614.2:616-036.86 (575.2)**

**ШЕРИЕВА НУРИЙЛА ЖАПАРОВНА**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУНДАГЫ МАЙЫПТАРДЫ РЕАБИЛИТАЦИЯЛООНУ ӨРКҮНДӨТҮҮДӨГҮ МЕДИЦИНАЛЫК ЖАНА СОЦИАЛДЫК АСПЕКТИЛЕР

14.02.03 – коомдук ден соолук жана саламаттыкты сактоо

Медицина илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алууга арналган диссертациясынын
**авторефераты**

**Бишкек - 2024**

**Илимий иш** Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинин коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Шамшиев Абдилатип Абдрахманович**
медицина илимдеринин доктору,
Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы ден соолукту чыңдоо борборунун түштүк филиалынын директору

**Расмий оппоненттер:** **Биялиева Гульмира Самарбековна**
медицина илимдеринин доктору,
Эл аралык жогорку медициналык мектебинин медициналык клиникасынын директору

**Махмадиев Акбарали Кахарович**
медицина илимдеринин кандидаты,
Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министрлигине караштуу курортология жана калыбына келтирүүчү дарылоо илимий изилдөө институтунун директорунун орун басары

**Жетектөөчү мекеме:** С. Д. Асфендияров атындагы Казак улуттук медициналык университети (050000, Казахстан Республикасы, Алматы ш., Толе Би көч, 94).

Диссертацияны коргоо 2024-жылдын 18-апрелде саат 14.00 дө медицина илимдеринин докторлук (кандидаттык) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясына жана Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 14.23.690 диссертациялык кеңештин отурумунда өткөрүлөт, дареги: 720020, Бишкек ш., Ахунбаев көч., 92, конференц-зал. Диссертацияны коргоо боюнча видеоконференцияга кирүү шилтемеси: https://vc.vak.kg/b/142-c9g-rqj-fbe

Диссертация менен И. К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын (720020, Бишкек ш., Ахунбаев көч., 92), Б. Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин (720000, Бишкек ш., Киев көч. 44) китепканаларынан жана https://vak.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын 15-мартында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**медицина илимдеринин кандидаты, доцент** **Д. Д. Ибраимова**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Ден соолукту жакшыртуу, оорулардын алдын алуу, майыптыкты реабилитациялоо саламаттык сактоо жана калкты социалдык жактан коргоо жаатындагы негизги милдеттер болуп саналат [Т. С. Мейманалиев,1996; Н. К. Касиев, 2008; М. М. Каратаев, 2014].

Реабилитация ден соолукту чыңдоо, оорулардын алдын алуу жана дарылоо менен бирге жалпы саламаттыкты сактоонун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Реабилитация балдарга, чоңдорго жана улгайган адамдарга күнүмдүк жашоодо мүмкүн болушунча автономдуу болууга жардам берет жана аларга билим алууга, иштөөгө жана бош убактысын кенен пайдаланууга, ошондой эле үй-бүлөгө кам көрүү сыяктуу маанилүү функцияларды аткарат [БДСУ 2017, 2020].

Кыргыз Республикасында жылдан-жылга ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын саны өсүп барат. 2019-жылдын башына карата пенсия жана майыптыгы боюнча жөлөкпул алган адамдар республикада 194 364 болгон, бул калктын жалпы санынын 3% түзөт. Алардын ичинен Ош облусу боюнча 36992 ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адам бар, алар 2015-жылы 33480 болгон, бул майыптыктын 10,3% га өсүшүн далилдейт, ал эми ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдарынын 18 жашка чейинки өсүшү беш жылкы мезгилде 7,1% га көбөйгөнүн көрсөттү (2015 ж. - 4275, 2016 ж. - 5805, 2017 ж. - 5758, 2018 ж. – 5574, 2019 ж. - 5889). Мындай өсүү калктын оору жана жаракат алуусунун жогорку деңгээли, медициналык жардамдын жетишсиз сапаты, жагымсыз экологиялык шарттар менен байланыштуу. Бирок ошол эле учурда – Ош облусу боюнча майыптарды реабилитациялоодо өзөктүү көйгөйлөрдүн бири болуп саналган реабилитациялык мекемелердин жетишсиздиги, дарыгер-реабилитологдордун жана дарылоо дене тарбия боюнча адистердин жоктугу [Л. И. Качибекова, 2019; А. С. Абдыкаарова, 2021; А. А. Шамшиев, 2021].

Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды коргоо - чөйрөнүн реформалоонун негиздери, ал эми реабилитациялоо социалдык саясаттын негизги багыттарынын бири болуп саналат, ага 2008-жылдын 3-апрелиндеги “Кыргыз Республикасынын ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө" мыйзамы далил боло алат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 24-октябрь 2016-жылы "Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды реабилитациялоонун мамлекеттик базалык программасын бекитүү жөнүндө" токтом бекитилген.

Көптөгөн изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча учурда Кыргыз Республикасында майыптардын ден соолугун реабилитациялоо боюнча эч кандай бирдиктүү система жок жана реабилитациялоону уюштуруу заман талабына шайкеш келбейт, майыптуулукту реабилитациялоо боюнча мекеме, ведомстволор аралык байланыш иш-чаралардын ыраатуулугу иштелип чыккан эмес [К. Д. Абдуллин, 2006; Р. С. Розыева, 2014; Ы. А. Алдашукуров, 2019].

Реабилитациялык иш-чаралар оорунун же жаракат алуунун алгачкы күндөрүнөн башталат, анын ичинде ооруларды (курч жана өнөкөт), бузулууларды, физикалык же психикалык травмаларды азайтууга өбөлгө түзөт [SOROS, 2020].

Жогоруда көрсөтүлгөн себептер изилдөөнүн актуалдуулугун, максатын жана милдетин аныктады.

**Диссертациянын темасынын приоритеттик илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), негизги илимий-изилдөө иштери, билим берүү жана илимий-изилдөө мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү илимий иштер менен байланышы.** Диссертациялык иш демилгелүү.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ден соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген чоңдорду жана балдарды реабилитациялоону өркүндөтүү боюнча иш-чаралардын илимий негиздемеси.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун 2015-2019 жылдардагы калктын ооруга чалдыгуусуна жана майыптуулук көрсөткүчтөрүнө таасир этүүчү социалдык-экономикалык, медициналык-демографиялык көрсөткүчтөрүн жана кадрдык ресурстарын талдоо;

2. Ош облусу боюнча чоңдордун жана балдардын алгачкы майыптуулук динамикасын жана ден соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын керектүү каражаттар менен камсыздалышын баалоо;

3. Ош шаардык кыймыл таяныч тутумундагы мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ден соолугун калыбына келтирүү борборунун балдарга жана өспүрүмдөргө медициналык-социалдык жардам көрсөтүүнүн кайрылуусун, сапатын жана канаттануусун талдоо;

4. Комплектүү талдоонун негизинде ден соолугунан мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдарды реабилитациялоону өркүндөтүү боюнча региондук деңгээлде илимий негизделген иш чараларды иштеп чыгуу.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы:**

1. Ош облусунун калкынын ооруга чалдыгуу жана майыптык деңгээлин аныктоочу социалдык-экономикалык, медициналык-демографиялык тенденциялар аныкталды;

2. Ош облусунун райондору боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын жыштыгы, реабилитациялык кызматтардын жеткиликтүүлүгү жана керектүү каражаттар менен камсыздалгандыгы биринчи жолу көрсөтүлдү;

3. Биринчи жолу кайрылуулардын тенденциялары көрсөтүлүп, Ош шаардык кыймыл таяныч тутумундагы мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ден соолугун калыбына келтирүү борбордогу реабилитациялык жардамдын сапаты жана канааттануусу бааланды;

4. Биринчи жолу Ош облусунун калкын медициналык реабилитациялоону уюштурууну өркүндөтүү боюнча илимий негизделген иш-чаралар иштелип чыкты.

**Алынган жыйынтыктардын тажрыйбалык маанилүүлүгү.** Изилдөөнүн жыйынтыктары «Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды социалдык чөйрөгө кошуу» проектинде колдонулуп, балдарга квалификациялуу медициналык-социалдык жардам көрсөтүү менен майып болуу коркунучу бар балдарды аныктоодо колдонулду.

Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган маалыматтар реабилитациялык кызмат көрсөтүүнү уюштурууну жакшыртууга багытталган илимий негизделген иш-чараларды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары Ош шаардык кыймыл таяныч тутумундагы мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ден-соолугун калыбына келтирүү борборуна (киргизүү акты 11.01.2023 ж.) сунуштар менен киргизилип, практикалык ишмердүүлүгүндө колдонулуп жатат. Изилдөө материалдары Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинин Коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасынын окуу процессинде колдонулат (киргизүү акты 07.02.2023 ж.).

**Коргоого алынып чыгуучу диссертациянын негизги жоболору:**

1. Ош облусунун социалдык-экономикалык өнүгүү көрсөткүчтөрүнүн оң динамикасы аныкталды. Ош облусунун калкынын санынын өсүшүнө карабастан медициналык-демографиялык көрсөткүчтөрдүн төмөндөшү байкалууда. Ош облусунун калкынын ооруга чалдыгуу рейтинги анын республика боюнча ооруга чалдыгуудан айырмасын көрсөттү. Кадрдык ресурстарды талдоо облус боюнча реабилитациялык дарыгерлердин, дене тарбия дарыгерлеринин жоктугун көрсөттү.

2. Психикалык бузулуулар, нерв системасынын оорулары жана кан айлануу органдарынын оорулары боюнча, балдар арасында нерв системасынын оорулары жана тубаса кемтиктер боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын саны жогору экендиги белгиленген. Медициналык реабилитациядан өткөн адамдардын салыштырма салмагынын төмөндүгү жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын техникалык каражаттар менен камсыз болушунун начардыгы белгиленет, бул реабилитациялоонун жеткиликтүүлүгүнүн төмөндүгүн күбөлөндүрөт.

3. Ош шаардык кыймыл таяныч тутумундагы мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ден соолугун калыбына келтирүү борбордо дарылангандардын салыштырма салмагы жогору экендиги, динамикада негизинен 14 жашка чейинки балдардын кайрылуусунун көбөйүү тенденциясы байкалат. Көрсөтүлгөн реабилитациялык жардамга, туруктуу абалга жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын социалдык чөйрөгө киргизилишине канааттануу белгиленди.

4. Медициналык реабилитациялоону уюштурууну өркүндөтүү боюнча иштелип чыккан илимий негизделген иш-чаралар ведомстволор аралык

кызматташууга, реабилитациялык врач-адистерди жана дарылоо дене тарбия адистерин даярдоого багытталган.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** Автор тарабынан изилдөө темасы боюнча адабий сереп жана майыптык боюнча алгачкы документтерди чогултуу, материалды талдоо жана статистикалык иштетүү жүргүзүлгөн. Корутунду жана практикалык сунуштар иштелип чыккан.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары билдирилди жана талкууланды: «ОшМУнун илим күндөрү» (Ош, 2019) илимий практикалык конференцияда; Россия Федерациясынын Томск медициналык университетинин «Медицинанын актуалдуу маселелери» эл аралык илимий практикалык конференциясы (Томск, 2020-жыл).

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациянын темасы боюнча 7 илимий макала жарыяланган, 5 макала - кыргыз тилинде жана 2 макала - орус тилинде, анын ичинен 5 макала Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАК тизмесинен рецензияланган басылмаларда, 2 Ринц системасы боюнча индекстелген чет элдик журналдарда жарыяланган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү.** Диссертация кыргыз тилинде электрондук терүү жолу менен 147 бетте жазылып, изилдөөнүн кириш сөзүнөн, методологиясынан жана методдорунан, өз алдынча изилдөөнүн 3 бапынан, корутундудан, тыянактан, 2 тиркемеден турат. Илимий иштин натыйжалары 30 таблица жана 27 сүрөт менен коштолгон. Библиографиялык көрсөтмө 166 эмгектен турат, алардын ичинен: 7 – кыргызча, 102 - орусча жана 57 - чет мамлекеттик тилде жазылган.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын изилдөө темасынын актуалдуулугу негизделип, максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы, алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси жана коргоого коюлган диссертациянын негизги жоболору келтирилген.

**1-бап «Майыптыкка таасир этүүчү факторлор жана майыптарды калыбына келтирүүдөгү маанилүү маселелер (адабияттарга сереп)».** Уюштуруучулук реабилитациялык иш-чараларды жакшыртуу боюнча ата мекендик жана чет өлкөлүк изилдөөлөрдүн булактарына кылдат талдоо жүргүзүлдү. Ош облусунда майыптуулуктун абалы жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды реабилитациялоону жакшыртуу жолдору изилденди. Адабий булактарды талдоо диссертациялык иштин тандалган багытынын актуалдуулугун максаттуу негиздөөгө мүмкүндүк берди.

**2-бап «Материалдар жана изилдөө ыкмалары».**

**Изилдөөнүн объекти:** реабилитациялык кызмат көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдары, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар.

**Изилдөөнүн предмети:** реабилитациялык кызматтарды уюштуруу.

Бул маселелерди чечүү үчүн төрт этап комплекстүү ыкмасы иштелип чыккан. Биринчи статистикалык этапта-аналитикалык жана статистикалык ыкмаларды колдонуу менен Ош облусундагы социалдык-экономикалык, медициналык-демографиялык процесстерге талдоо жүргүзүлгөн. Экинчи этапта Ош облусунда 2015-2019-жылдардагы оорулардын көрсөткүчтөрү каралды. Биринчи жолу аныкталган майыптуулуктун жана каттоодо турган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын динамикасы изилденди. Ош шаардык кыймыл таяныч тутумундагы мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ден соолугун калыбына келтирүү борборго 2018-2022-жылдары кайрылган ар кандай оорулары бар 600 баладан турган маалымат базасы түзүлдү. Кара-Кочкор реабилитация жана калыбына келтирүү дарылоо борборунда дарыланышкан 162 оорулардын медициналык оору тарыхына ретроспективдик анализ жүргүзүлдү. Үчүнчү этапта Ош облусундагы реабилитациялык мекемелердин ишмердүүлүгү талдоого алынды. Изилдөөнүн төртүнчү этабында майыптарды реабилитациялоону өркүндөтүүгө багытталган медициналык-социалдык иш-чаралар иштелип чыккан.

Медициналык карталардын, анкеталардын санынын репрезентативдүүлүгүн аныктоо үчүн негизги массивдин методу колдонулган, мында байкоолордун санынын көлөмү популяциянын белгисиз саны менен жалпы кабыл алынган методика боюнча аныкталган, ал 400дү түзгөн. Изилдөөдө медициналык карталарды (жеке) тандоонун көлөмү 162 бирдикти, амбулаториялык карталар – 600дү, анкеталар - 200дү түзгөн. Жалпысынан алганда, байкоо саны изилдөө материалдары боюнча - 962, башкача айтканда, үлгү көлөмүнөн ашат.

3-5-бапта өз изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары жана талкуулар берилет.

**3-бап «Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы калктын ден соолугуна таасир этүүчү социалдык-экономикалык, медициналык-демографиялык процесстердин өзгөчөлүктөрү».**

**3.1. Ош облусунун калкынын социалдык-экономикалык абалы.** Ош облусунун социалдык-экономикалык өнүгүүсү саламаттык сактоо системасынын абалына жана калктын саламаттыгына түздөн-түз таасирин тийгизет. Республикада калктын жан башына ички дүң продукциясы 2015 жылы – 71,5 миң сомду, 2016 жылы – 74,6 миң сомду, 2017 жылы - 89,3 миң сомду, 2018 жылы - 93,8 миң сомду, 2019 жылы - 99,2 миң сомду түзсө, анда өсүш 2016 жылы +4,3%, 2018 жылы +5,0% жана 2019 жылы +5,7% болгон.

Ош облусунда бул көрсөткүч 2015 жылы - 25,2 миң сомду, 2016 жылы - 25,5 миң сомду, 2017 жылы - 31,1 миң сомду, 2018 жылы - 34,8 миң сомду, 2019 жылы - 34,7 миң сомду түзгөн, өсүү темпинде +1,1%, +21,9%, +11,8% төмөндөө -0,2% ды түздү, бул 2015-жылдан 2019-жылга чейинки оң өсүш байкалган учурда жалпы республикалык көрсөткүчтөн бир кыйла артта калууну көрсөтөт.

Социалдык-экономикалык өнүгүүнүн негизги көрсөткүчтөрү, жагымдуу динамиканын орун алып жаткандыгын тастыктап турат. Бирок ошол эле учурда калктын жумушсуздугу төмөн деңгээлде. Экономикалык активдүү калкка карата жумушсуздуктун деңгээли 2,7% ды түздү.

**3.2 Кыргыз Республикасынын Ош облусунун калкынын саламаттыгынын медициналык-демографиялык көрсөткүчтөрү.** Кыргыз Республикасынын калкынын саны жыл сайын 2015-2019 жылдар аралыгында өсүү темпинде, орточо +2,1% га өсүүдө. Ош облусу боюнча орточо өсүш +4,7% ды түздү. Айыл жеринде калктын санынын өсүшү +2,6% га; шаардык + 2,1% га барабар болду. 2015-2017 жылдары төрөлүүнүн терс динамикасы жана 2018-2019 жылдары оң динамика республика боюнча байкалды (-5,1%, -4,6%, +9,2%, +0,7% боюнча), ошондой эле Ош облусу боюнча (-9,8%, -4,9%, +0,3%, -3,6% тиешелүүлүгүнө жараша). 2017 жылы Араван районунан жана 2018 жылы Чоң-Алай, Өзгөн, Ноокат, Алай райондорунан жана 2019 жылы Кара-Суу районунда төрөлгөндөрдүн саны азайган. Калктын өлүмүндө бардык изилденип жаткан жылдарда төмөндөө аныкталган. Республика боюнча 2016 жылы -5,1% га, 2017 жылы -1,8% га, 2018 жылы -3,7% га жана 2019 жылы 0% га -8,0%, -2,1%, -4,4%, 0,0%, жылдарына жараша. 2017 жылы Чоң Алай районун жана 2018 жылы Алай, Араван, Кара Кулжа райондорун, 2019 жылы Кара Суу жана Чоң Алай райондорун кошпогондо, Ош облусунун райондору боюнча негизинен терс динамика аныкталган. Республика боюнча энелердин өлүмү 2016 жылы -21,3% га кескин төмөндөдү, андан кийин 2017 жылы +2,9% га көбөйдү, 2018 жылы кайрадан -2,5% га жана 2019 жылы -4,9% га төмөндөдү. Ош облусунда энелердин өлүмү 2016 жылы -9,4%, 2017 жылы -7,6%, 2018 жылы -13,3%, бирок кийин 2019 жылы +4,9% көбөйгөн. Ымыркайлардын өлүмүнүн төмондөөсү республика үчүн (тиешелүүлүгүнө жараша -7,7%, -6,0% жана -5,1%) жана 2019-жылы (+2,0%), ошондой эле Ош облусу үчүн да мүнөздүү (-13,7%, -7,3%, -3,9%, -9,5%, тиешелүүлүгүнө жараша).

**3.3 Кыргыз Республикасынын Ош облусунун калкынын ооруга чалдыгуу тенденциялары.** Кыргыз Республикасы боюнча оорулардын анализи көрсөткөндөй, 2015-2018 жылдары кан айлануу органдарынын оорулары биринчи рангдагы орунду ээлеген (500,5±0,9‰₀; 478,4±0,8‰₀, p<0,001, 534,1±0,9‰₀, 533,1±0,3‰₀, p<0,001), экинчи рангда - дем алуу

органдарынын оорулары (461,1±0,8%00; 460,8±0,8%00, p>0,05, 443,1±0,8%00, 448,1±0,8%00, p<0,001), үчүнчү рангда – заара жыныс системасынын оорулары (395,1±0,8%00; 313,3±0,7%00, p<0,001, 361,2±0,78%00, 343,9±0,78%00, p<0,001), 2019 жылы биринчи рангда – дем алуу органдарынын (630,8±0,8%00), экинчисинде - кан айлануу органдарынын (351,4±0,7%00), p<0,001, үчүнчү -тамак сиңирүү органдарынын оорулары (306,5±0,6%00), p<0,001.

Ош облусу боюнча оорулардын класстары боюнча оорулардын деңгээли өзгөчө 2015 жана 2016 жылдары айырмаланган. 2015 жылы дем алуу органдарынын ооруларына биринчи рангдык орду туура келген (491,5±2,0%00), экинчи – кан айлануу (448,1±2,0%00), p<0,001, үчүнчү-заара-жыныс системасы (448,1±2,0%00), p<0,001. 2016 жылы биринчи ранг – психикалык оорулар жана жүрүм – турумдун бузулушу (594,5±2,2%00), экинчиси - кан айлануу органдарынын оорулары (440,3±1,9%00), p<0,001, үчүнчү - дем алуу органдарынын оорулары (377,5±1,8%00), p<0,001. Кийинки 2017 жана 2018-жылдарда калктын оору сыркоолору Ош облусунун жетектөөчү рангдык орундарды ээлешкен кан айлануу органдарынын оорулары (440,2±1,9%00 жана 387,4±1,7%00, p<0,001), заара жыныс системасынын (365,5±1,7%00 жана 315,4±1,6%00, p<0,001), дем алуу (314,3±1,6%00 жана 263,5±1,4%00, p<0,001). Кийинки 2019-жылы Ош облусунун калкынын оорусу алдыңкы орунду дем алуу органдарынын оорулары (572,1±1,9%00, p<0,001), кан айлануу (340,2±1,6%00, p<0,001), төрөт жана кош бойлуулук учурундагы оорулар (365,1±1,6%00, p<0,001) ээледи.

**3.4 Кыргыз Республикасынын Ош облусунун саламаттык сактоо системасынын абалы жана кадрдык камсыз кылуу.** Ош облусунун стационарларында 2019 жылы 2015 жылга салыштырмалуу дарыгерлердин штаттык бирдиктерининин саны 6,8% га (айкындуулук көрсөткүчү - 106,8%), дарыгерлер менен камсыз болуу 7,2% га (107,2%), үй бүлөлүк медицина борборлорунда 0,7% га (100,7%) жана 1,2% га (101,2%) көбөйгөн, тиешелүү түрдө үй бүлөлүк дарыгерлер топторунда штаттык бирдиктердин саны 2,3% (97,7%) жана дарыгерлер 1,4% (98,6%). Ош облусунун стационарларында штаттык бирдиктердин саны 1,4% жана орто медициналык кызматкерлер менен камсыз болуу 1,6% көбөйдү. Ушундай эле жагдай үй бүлөлүк медицина борборлорунда (8,2% жана 0,7%) жана үй бүлөлүк дарыгерлер топторунда (1,0% жана 1,5%) байкалган. Ош облусундагы негизги көйгөйлөрдүн бири майыптуулуктун ар кандай түрлөрү бар адамдар үчүн комплекстүү калыбына келтирүүнү камсыз кылууга жөндөмдүү реабилитация боюнча квалификациялуу адистердин жоктугу болуп саналат, бул өзүнө физикалык, психологиялык жана социалдык реабилитацияны камтыйт.

## 4 бап. Ош облусундагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн медициналык-социалдык жардамга кайрылуусу, сапаты жана канааттануусу.

**4.1. Ош шаардык кыймыл таяныч тутумундагы мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ден соолугун калыбына келтирүү борбордун мисалында балдарга жана өспүрүмдөргө медициналык-социалдык жардам көрсөтүүнүн сапатын, канааттануусун жана кайрылуусун талдоо.** 2015-2022-жылдарда Ош шаардык кыймыл таяныч тутумундагы мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ден соолугун калыбына келтирүү борбордо дарылангандардын динамикасына жана салыштырма салмагына кайрылуулардын жыштыгына ретроспективдүү талдоо жүргүзүлдү (4.12-таблица).

4.1.2-таблица - Ош шаардык кыймыл таяныч тутумундагы мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ден соолугун калыбына келтирүү борборго кайрылуулардын динамикасы жана дарылангандардын салыштырма салмагы

| № кн | Көрсөткүч | Жылдар | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 |
| 1 | Кайрылгандардын саны | 945 | 782 | 855 | 1002 | 1042 | 1002 | 1271 | 1388 |
| 1.1 | P±m 1000 оорулууга | 3,5±0,1 | 2,8±0,1 | 3,0±0,1 | 3,4±0,1 | 3,6±0,1 | 3,3±0,1 | 4,0±0,1 | 4,1±0,1 |
| | Өтп/жоготуу % | - | -20,0 | +7,0 | +13,3 | +5,8 | -8,3 | +21,2 | +2,5 |
| 1.2 | Дарыланган-дын саны | 938 | 775 | 835 | 1000 | 1021 | 745 | 1235 | 1302 |
| | өзгөч салмагы, % | 99,2 | 99,1 | 97,7 | 99,8 | 98,0 | 99,8 | 97,1 | 93,8 |
| 2 | Кайрылгандардын саны (балдар 0-14 жаш) | 939 | 786 | 850 | 936 | 956 | 957 | 1188 | 1207 |
| 2.1 | P±m 1000 оорулууга | 12,2±0,3 | 9,8±0,3 | 10,2±0,3 | 10,8±0,3 | 11,0±0,3 | 10,2±0,4 | 11,6±0,3 | 8,3±0,2 |
| | Өтп/жоготуу % | - | -19,6 | +4,1 | +5,9 | +1,8 | -7,2 | +13,7 | -28,4 |
| 2.2 | Дарыланган-дын саны (балдар 0-14 жаш) | 933 | 757 | 801 | 934 | 940 | 726 | 1163 | 1148 |
| | өзгөч салмагы, % | 99,3 | 96,3 | 94,2 | 99,7 | 98,3 | 75,8 | 97,9 | 95,1 |
| 3 | Кайрылгандардын саны (өспүрүмдөр 15-17 жаш) | 6 | 21 | 39 | 66 | 86 | 45 | 83 | 181 |
| 3.1 | P±m 1000 оорулууга | 0,4±0,1 | 1,6±0,3 | 3,2±0,5 | 5,7±0,7 | 7,4±0,7 | 3,7±0,5 | 6,4±0,7 | 10,1±0,7 |
| | Өтп/жоготуу % | - | +300,0 | +100,0 | +78,1 | +29,8 | -50,0 | +72,9 | +57,8 |
| 3.2 | Кайрылгандардын саны (өспүрүмдөр 15-17 жаш) | 5 | 18 | 34 | 66 | 81 | 19 | 72 | 154 |
| | өзгөч салмагы, % | 83,3 | 85,7 | 87,1 | 100,0 | 94,2 | 42,2 | 86,7 | 85,1 |

Эскертүү - P±m – кайрылуулардын жыштыгы 1000 оорулууга жана өкүлчүлүк катасы, Өтп – өсүү темпи.

Динамикада негизинен калктын кайрылуусунун көбөйүү тенденциясы байкалууда. Ошентип өсүш 2017 жылы (3,0±0,1%) +7,0% га, 2018 жылы (3,4±0,1%) +13,3% га, p<0,01, 2019 жылы (3,6±0,1%), p>0,05, +5,8% га, 2021 жылы (4,0±0,1%) +21,2% га, 2022 жылы (4,1±0,1%) +2,5%. Мында 2016 жылы (2,8±0,1%) жана 2020 жылы (3,3±0,1%), p<0,001, кайрылуулардын тийиштүү түрдө -20,0% жана -8,3% га төмөндөшү байкалган. Дарылангандардын салыштырма салмагы 2022 жылы 93,8% дан 99,8% га 2018 жана 2022 жылдарга чейин түздү.

Алардын ичинен 0дөн 14 жашка чейинки балдардын саны боюнча 2017 жылы +4,1% га, 2018 жылы +5,9% га, 2019 жылы +1,8% га жана 2021 жылы +13,7% га олуттуу өсүш байкалган. Төмөндөө 2016 жылы -19,6%, 2020 жылы -7,2% жана 2022 жылы -28,4% катталган.

15тен 17 жашка чейинки дарыланган балдардын жалпы санынын ичинен 2020 жылы -50,0% га төмөндөө байкалган, ал эми калган жылдары 2016 жылы +300,0% га, 2017-жылы +100,0% га, 2018-жылы +78,1% га, 2019-жылы +29,8% га, 2021-жылы +72,9% га жана 2022-жылы +57,8% га өсүү болгон. 15 жаштан 17 жашка чейинки өспүрүмдөрдүн кайрылуусунун жогорку өсүшү бул адистештирилген реабилитациялык борбор Ош облусунда жалгыз болгондугу менен байланыштуу.

Биз 2018-2019 жылдары Ош шаардык кыймыл таяныч тутумундагы мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ден соолугун калыбына келтирүү борборго кайрылган ар кандай оорулары бар 600 балдардын маалымат базасын түздүк. Жынысы боюнча салыштырганда эркек балдар кыздарга караганда көбүрөөк (56,5±2,0 жана 43,5±2,0 100 балага, тиешелүүлүгүнө жараша), p<0,001. Оорулардын жыштыгы боюнча балдардын церебралдык шал оорусу (56,6±2,0%), психомотордук өнүгүүнүн кечеңдеши (30,1±1,8%), p<0,001, психо-оозеки өнүгүүнүн кечеңдеши (21,8±1,6%), p<0,001, (17,1±1,5%), p<0,01 басымдуулук кылат (4.1.3- таблица). Кайрылган балдарда 6,3±1,0 учурда Даун синдрому, p<0,001, жамбаш муунунун тубаса чыгып кетүүсү 5,8±0,9 p>0,05 жана дененин тубаса кемтиктери 4,3±0,8, p>0,05 учурда байкалган.

Жаңы учурларынын саны менен белгиленген алгачкы диагнозу майыптыгы Ош облусунда жана Ош шаарында 2015 жылы 12,8±0,3 10 миң калкка (n=2010), 2016 жылы көрсөткүч жогорулаган 13,4±0,5 чейин (n=2089) болгон +4,7%, p>0,05, 2017 жылы да динамикасында көбөйүү көрсөткүчү байкалды - 14,5±0,3 (n=2156) болгон +8,2%, p>0,001. Изилденүүчү мезгилде Ош шаарынын тургундарынын арасында майыптуулуктун жаңы учурларынын саны 2015 жылы – 10,2±0,6 (n=380) түзгөн, 2016 жылы алардын саны бир аз көбөйгөн - 10,8±0,6 (n=390), p>0,05, +5,9%. 2017 жана 2018 жылы төмөндөө тенденциясы байкалган, майыптуулук диагнозу биринчи жолу коюлган адамдар 12,5±0,6 (n=348) жана 11,5±0,6 (n=384), p>0,01, төмөндөө динамикасы менен -6,5% жана -8,7% түзгөн.

4.1.3-таблица - Ош шаардык кыймыл таяныч тутумундагы мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын ден соолугун калыбына келтирүү борборго нозология боюнча кайрылуулардын жыштыгы, 100 балага

| № кн | Оору | Оорулулар дын кароо саны | Нозология боюнча кайрылгандардын жыштыгы (P±m) |
|---|---|---|---|
| 1 | Балдардын церебралдык шал оору | 340 | 56,6±2,0 |
| 2 | Даун синдрому | 38 | 6,3±1,0 |
| 3 | Психомотордук өнүгүүнүн кечеңдеши | 181 | 30,1±1,8 |
| 4 | Психо-оозеки өнүгүүнүн кечеңдеши | 131 | 21,8±1,6 |
| 5 | Энцефалопатия | 103 | 17,1±1,5 |
| 6 | Дененин тубаса кемтиктери | 26 | 4,3±0,8 |
| 7 | Жамбаш муунунун тубаса чыгып кетүүсү | 35 | 5,8±0,9 |
| 8 | Аутизм | 2 | 0,3±0,2 |
| 9 | Сколиоз | 1 | 0,1±0,1 |
| 10 | Инсульт | 4 | 0,6±0,3 |
| 11 | Пертесс оорусу | 1 | 0,1±0,1 |
| 12 | Омуртка грыжасы | 7 | 1,1±0,4 |
| 13 | Жүрөк кемтиги | 3 | 0,5±0,2 |

Эскертүү - P±m – кайрылуулардын нозология боюнча жыштыгы 100 балага жана өкүлчүлүк катасы.

**4.2 Ош облусу боюнча алгачкы майыптуулук көрсөткүчүн талдоо.** Динамикада Ош облусу боюнча ДМЧА жыштыгынын төмөндөшү байкалган (таблица 4.2.2) 2016 жылы -16,0% га (13,7±0,3%00 дөн 11,5±3,3%00 чейин), 2018 жылы -20,8% га (11,5±3,3%00 дөн 9,1±0,2%00гө чейин), 2016 жана 2017 жылдары биринчи жолу таанылган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын жыштыгы бир деңгээлде болгон (11,5±3,3%00, тиешелүүлүгүнө жараша), p>0,05. Жыштыгы биринчи жолу таанылган мүмкүнчүлүгү чектелген I топтогу майып төмөндөө тенденциясы 2016 жылы -20,0% га (1,0±0,09%00 чейин 0,8±0,08%00, p<0,05), 2017 жылы -12,5% га, (0,8±0,08%00 чейин 0,7±0,07%00, p>0,05) жана 2017-2018 жылдарга деңгээли көрсөткүчтү түзүү боюнча 0,7±0,07%00, демек, p>0,05. II топ боюнча 2016-жылы биринчи жолу таанылган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын жыштыгы -14,2% га төмөндөгөнү байкалган (11,2±0,3%00 чейин 9,6±0,3%00), p<0,001, 2017 жылы -7,2% (9,6±0,3%00 чейин 8,9±0,2%00), p>0,05, 2018 жылы -16,8% (8,9±0,2%00 чейин 7,4±0,2%00), p<0,001, 2019 жылы -13,5% (с 7,4±0,2%00 чейин 6,4±0,2%00), p<0,001.

4.2.2-таблица - Динамикада Ош облусу боюнча биринчи жолу таанылган ДМЧА тобунун жыштыгы (2015-2019 жылдар, чоңдор боюнча)

| № к н | Майыпт уулук | Жылдар | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2015 | | 2016 | | 2017 | | 2018 | | 2019 | |
| | | n | P±m | n | P±m | n | P±m | n | P±m | n | P±m |
| 1 | I гр. | 102 | 1,0± 0,09 | 91 | 0,8± 0,08 | 81 | 0,7± 0,07 | 83 | 0,7±0 ,07 | 84 | 0,6± 0,06 |
| | Өтп, % | - | - | - | -20,0 | - | -12,5 | | 0 | - | -14,2 |
| 2 | II гр. | 1182 | 11,2± 0,3 | 1073 | 9,6± 0,3 | 1022 | 8,9± 0,2 | 882 | 7,4±0 ,2 | 871 | 6,4± 0,2 |
| | Өтп, % | - | - | - | -14,2 | - | -7,2 | - | -16,8 | - | -13,5 |
| 3 | III гр. | 138 | 1,3± 0,1 | 127 | 1,1± 0,09 | 227 | 1,9± 0,1 | 127 | 1,0±0 ,09 | 120 | 0,9± 0,08 |
| | Өтп, % | - | - | - | -15,3 | - | +72,7 | - | -47,3 | - | -10,0 |
| 4 | Жалпы | 1422 | 13,7± 0,3 | 1291 | 11,5± 3,3 | 1330 | 11,5± 3,3 | 1092 | 9,1± 0,2 | 1075 | 7,9± 0,2 |
| | Өтп, % | - | - | - | -16,0 | - | 0 | - | -20,8 | - | -13,8 |

Эскертүү - n – абсолюттук сан, Өтп – өсүү темпи/төмөндөөсү (%), P±m – 10 миң калкка майыптуулуктун жыштыгынын көрсөткүчү жана өкүлчүлүк катасы.

Биринчи таанылган мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын майыптыгынын үчүнчү тобу боюнча абал ар кандай болгон. 2016-жылы азайу -15,3% га белгиленген (1,3±0,1‱ чейин 1,1±0,09‱), p>0,05, 2018 жылы -47,3% (1,9±0,1‱ чейин 1,0±0,09‱), p<0,001, 2019 жылы -10,0% (1,0±0,09‱ чейин 0,9±0,08‱), p<0,001, кескин өсүш 2017 жылы +72,7% (1,1±0,09‱ чейин 1,9±0,1‱), p<0,001.

Ош облусу боюнча биринчи жолу таанылган ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын динамикасынын төмөндөшүнө карабастан алардын кайрылуусунун жогорку жыштыгы байкалууда.

**5-бап «Ош облусундагы майыптарды реабилитациялоонун медициналык-социалдык аспектилери».** Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды ишке орноштурууда кесиптик реабилитациялоо атайын адаптацияланган эмгек шарттарын эске алуу менен, мекемелерде жана ишканаларда ылайыктуу ден соолук мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык алардын ишке орношуусун контролдоо менен жүргүзүлүшү керек. Изилдөө мезгилинде Ош облусунда нормалдуу шарттарда иштөөгө муктаж ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын саны 1,4 эсеге көбөйүп, 526дан 2015 жылы 752ге чейин 2018 жылы көбөйгөн. Атайын ыңгайлаштырылган эмгек шарттарында ишке муктаж болгондордун саны 8 эсеге өскөн (2015 жылы 19дан 2017 жылга 156 адамга чейин), 2018 жылдан тартып 4 эсеге азайган (156дан 38 адамга чейин). 2015-2017 жылдары үй эмгегине муктаж болгондордун саны 9 эсе

көбөйүп, 2015 жылы 16дан 144кө 2017 жылы 1017ге чейин, 2017 жылы 2018 жылга салыштырмалуу ушул эле көрсөткүч 12 эсеге (144төн 12ге чейин) төмөндөгөн.

2015-2018 жылдар мезгилинде консультация алгандардын ичинен нормалдуу шарттарда жалпысынан 20,4% (n=632) 86,3%дан (n=2679) ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын ишке орношкон. Эң көп салыштырма салмагы 2017 жылы (20,5%, n=214) жана 2018 жылы (28,3%, n=227) аныкталган. Атайын адаптацияланган эмгек шарттарында ишке муктаж болгондордун ичинен 2,9% (n=91) ичинен 7,6% (237), үй эмгегине 1,6% (n=51) ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын 6,1% (n=189) ишке орношкон.

Ошентип, 2015-2019 жылдары ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын ичинен көпчүлүгү нормалдуу шарттарда иштөөгө муктаж болушкан (86,3%), алардын ичинен 20,4% ишке орношкон. Бул ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды натыйжалуу ишке орноштурууга көңүл буруу зарыл экендигин айгинелейт.

